**«Бекитемин»**
**И. Арабаев атындагы**
**Кыргыз мамлекеттик**
**университетинин ректору,**
**профессор А.Т. Абдраева**

**_______________________________**

**_12_ ____04_________ 2023-жыл**

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин философия жана гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын доценти, философия илимдеринин кандидаты Алымкулов Замирбек Аманбековичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези" деген темадагы докторлук диссертациясын талкуулоо боюнча Философия жана гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын 2023-жылдын 11- апрелиндеги (протокол № 8) кеңейтилген жыйынынын

**БҮТҮМҮ**

**Катышкандар:**

*Кафедра мүчөлөрү:* Кафедра башчысы, филос.и.к., проф. Арзыматов Ж.С., филос.и.д., а.и.к., Сариева К.С., Биол.и.к. доц. Карымшаков Ө.А., филос.и.д., доц. Бейшенова А.Т., филос.и.д., проф. Үтүров К.Ү., филос.и.к., доц. м.а. Субанбекова М.Ш., филос.и.к., доц. м.а. Самыйканов А.Т., филос.и.к., доц., Каниметов Э.Ж., филос., и.к., доц.м.а. Арыпбекова К.Б., ага окутуучу Эрмекбаева А., окутуучу Абдылдаева А.Т., окутуучу Барпыбаева Ж.К., филос.и.к., доц. Алымкулов З.А. *Талкууга катышкандар:* филос. и.д., доц., Усупова Ч.С., филос.и.д., Исаков К.А., *илимий кеңешчиси* - филос. и.д. проф., Бекбоев А.А.

*Жыйындын төрагасы:* филос.и.к., проф., Арзыматов Ж.С.;

*Жыйындын катчысы:* Барпыбаева Ж.К.

**КҮН ТАРТИБИ:**

1.Философия жана гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын доценти Алымкулов Замирбек Аманбековичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Перипатетикалык этика: теизм

менен натурфилософиянын синтези" деген темадагы докторлук диссертациясын талкуулоо.

**Төрага:**

Урматтуу кесиптештер бүгүн Философия жана гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын доценти Алымкулов Замирбек Аманбековичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези" деген темадагы докторлук диссертациясын талкуулайбыз.

Алгач изденүүчү боюнча кыскача маалымат уксак.

Алымкулов Замирбек Аманбекович 1972 жылы 12 ноябрда туулган. 1995 ж., Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин аяктаган. 1995 -98 ж., КР Улуттук илимдер академиясында аспирантурада окуган. 2005 жылы «Субстанция и акциденция в метафизике восточного перипатетизма» аталышта (09.00.03-философиянын тарыхы адистигинде) кандидаттык диссертациясын коргогон. Учурда философия жана гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын доценти, Чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер факультетинин деканы.

Алымкулов Замирбек Аманбековичтин диссертациялык ишинин темасы И. Арабаев атындагы КМУнун Окумуштуулар Кеңешинде бекитилген. Илимий кеңешчиси: философия илимдеринин доктору, профессор Бекбоев Аскарбек Абдыкадырович.

**Төрага:** Анкеталык маалымат боюнча суроолор барбы?

**Жыйындын катышуучулары** - жок.

**Төрага:** алгачкы сөз изденүүчүгө берилет.

**Изденүүчү Алымкулов З.А.:** Урматтуу кесиптештер! Сиздердин назарыңыздарга философия илимдеринин доктору даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези" аттуу диссертациялык иш сунушталат.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу** Ааламдашуу учурунда коомдун социомаданий өнүгүүсү, толеранттуулук жана этникалык маданияттардын өз ара мамилеси сыяктуу эки негизги принципке таянат. Мындай концептуалдуу алака ар кандай теориялык системалардын, анын ичинде, этноэтикалык парадигмалардын тең укуктуу өнүгүүсүнө алып келет. Мурунку муундардын руханий мурастарын изилдөө, аны иликтөө азыркы учурдагы адамзаттын "жаңы" бирдиктүү жана ажырагыс маданиятын түзүүнүн зарыл шарты.

Иликтөөгө алынган проблеманын актуалдуулугу, учурдагы абалы, изилдениш даражасы, диссертациялык иштин максаты, милдеттери, объектиси жана предмети аркылуу аныкталды.

**Илимий жаңылыгы, коргоого сунуш кылынган жоболор, теориялык жана практикалык мааниси, методологиялык негиздери көрсөтүлдү**

Философия тарыхында аталган категориялардын диаметриалдуу, карама каршы дүйнөкараш позициясынан интерпретацияланышы алардын тактоого муктаж татаал табияты менен байланыштуу айрыкча, логико – гносеологиялык статусу талаш маселерден, бири-бирин коштоп, толуктаган бул категорияларды чаташтыруулар азыр да байма-бай кездешет. Ушундан улам перипатетизмдин тарыхый-философиялык структурасындагы этикалык категориялардын диалектикалык мүнөзүн, илимий-методологиялык маанисин изилдөө-актуалдуу проблемалардан.

Диссертациялык иште иликтөөгө алынган илимий объект моралдык парадигмалардын, категориялардын, диний түшүнүктөрдүн философиянын тарыхындагы методологиялык экспликациясы, ошол эле учурда, орто кылым чыгыш философиясындагы социо-этикалык, диний этикалык концепциялары маңыздуу проблематикасы катары каралды.

Жогоруда учкай белгиленген ойлордун өзөктүү учугу айгинелеп тургандай, бул изилдөө чексиз чындыкка чекит коюудан алыс болуп, айрым алынган категориялар аркылуу диалектиканын урунттуу учурларын конкреттештирүүнү көздөдү.

Изилдөөнүн объектиси болуп, мононорматикалык ажыратылбаган жүрүм-турум процессинен, протоморалдык аң сезимдин архетиптери. Моралдык парадигмалардын, категориялардын, диний түшүнүктөрдүн, философиянын тарыхындагы методологиялык экспликациясы. Ошол эле учурда, орто кылым чыгыш философиясындагы социо-этикалык, диний-этикалык концепциялары эсептелет.

Изилдөөнүн предметине диний-этикалык адеп-ахлак, аракет, ниет, амал түшүнүктөрү. Натурфилософиялык, этикалык, дианоэтикалык акыл-эс, акылмандык сыяктуу түшүнүк-категориалдык аппараттын тутуму кирип, талдоо процессинин ой жүгүртүү куралына айланат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**

Каралып жаткан диний-этикалык, натуралисттик категориалдык-түшүнүк аппаратын тактап айтканда, моралдын генезисин концептуалдуу изилдөө, булактарын синтездеп, жалпы тутумга бириктирүү негизги максат.

Коюлган максат төмөнкүдөй милдеттерди аткарууга багыт берет:

- моралдын калыптануу баскычтарын диалектикалык талдоодон өткөрүү менен бирге, алгачкы ажыратылбаган жүрүм-турумдан баштап, протоморалдык аң сезимдердин архетиптерине токтолуу;

- диндердин таалиматындагы этикалык түшүнүктөрдүн, принциптердин калыптанышын карап чыгуу, аныктоо;

**Иштин изилдениш даражасы, деңгээли** мифологиялык, мифоэпикалык, диний этикалык категориялардын татаал чиеленген логико-гносеологиялык формалары, алардын табияты илимий-теориялык тактоолорго муктаж экендиги талашсыз. Ушундан улам, тарыхый-философиялык эпистемологиянын структурасындагы коомдук өнүгүү, мезгил менен мейкиндиктин айкалышы аныктаган моралдык категориялар, түшүнүктөр, парадигмалардын конкреттүү-тарыхый формалары жөнөкөйдөн татаалга карай калыптанып өнүгүп келгени, өзгөчө орто кылымдагы чыгыш перипатетикалык ойчулдардын этикалык категориялары учурдагы диний этика менен салыштыруусу, толук тактала электиги, жогорудагы максат менен милдеттерди шарттап турат.

**Изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негиздери** жогоруда аныкталган илимий максаттарды жана милдеттерди жүзөгө ашыруу – объективдүү, комплекстүү анализ; аныктаманын тактыгы; детерминизм; тарыхыйлуулук менен логикалык айкалышы; карама-каршылыктын биримдиги жана системалуулук; абстракциядан конкреттүүлүккө умтулуу; анализ, синтез өңдүү диалектиканын негизги жоболорун колдонуу менен шартталды.

Изилдөөнүн жүрүшүндө мифоэпикалык материалдар, элдик оозеки чыгармалар, антикалык жана күнчыгыш ойчулдарынын трактаттары, классикалык – философтордун эмгектери проблеманы иликтөөнүн булактары катары пайдаланылды. А.И.Першиц, К.Леви-Стросс, Э.Кассирер, М.А.Лифшиц, С.А.Токарев, М.Д.Диноршоев, Г.Б.Шаймухамбетова, А.М.Богоутдинов, Б.Г.Гафуров, А.Х.Касымжанов, А.В.Сагадеев, А.А.Гусейнов, Р.Г.Апресян, А.К.Закуев, В.В.Соколовдун диалектикалык логика боюнча жана тарыхый-философиялык иликтөөлөрү; республикабыздагы белгилүү философ-окумуштуулардын: А.Салиев, А.И.Нарынбаев, М.К.Абдылдаев, Н.Кулматов, А.Ч.Какеев, Т.Аскаров, М.Жумагулов, ж.б. илимий философиялык эмгектери тарыхый-философиялык талдоого алынып, изилдөөнүн теориялык негизин түздү.

**Илимий иштин жаңылыгы**

-концептуалдык талдоонун алкагында иликтөөгө, мифтеги космогониялык дүйнөкараш, моралдык элементтер болгон ырым-жырым, адат, күнүмдүк жосундук иш аракет алынды. Моралдын баштапкы формаларын изилдөө маанилүү. Мындан улам моралдын табиятына, анын алгачкы архаикалык негиздерине мифологиялык, ырым-жырымдык аң сезим формаларына кайрылуу зарыл талап. Моралдык аң сезим, ырым-жырымдык, диний-мифологиялык, космогониялык формаларында

көрүнгөндүгү менен, ал учурдагы адамдын жүрүм-турумунда, моралдын критерийлери бар экендигин тактоо өзү татаал жана актуалдуу маселе.

-Мораль менен диндин чектешкен тогосу бар. Теодицея проблемасы Батыш Европанын рационалдуу диний философиясына көбүрөөк мүнөздүү болгон. Бул дүйнөдөгү жамандык менен ажалдын бардыгы «Жогорку аң сезимдин» ырайымдуулугуна жана кудуреттүүлүгүнө шек келтирбейт, тескерисинче рационалдуу түрдө актоого аракет кылат. Башкача айтканда, теодицея көйгөйү – бул жакшылык менен жамандыктын өз ара мамилесинин диний мааниге өткөрүлгөн формасы.

-Фикхтеги колдонулган категорияларга караганда этикалык категориялар татаал эмес. Этикалык ой жүгүртүүлөр баа берүүдө эки категорияны пайдаланат: жосун (иш аракет), жакшы (хасан), же жаман (кабих). Жеке мааниде *хусн, кубх* категориялары кандайдыр бир заттын же нерсенин табиятынын сонундугун, даамдуулугун, же начар, кополдугун, ачуулугун түшүндүргөн учурда жана күнүмдүктө колдонулат. Ал эми этикалык ой жүгүртүүдө айтылган категориялар "мактоого арзыган" (*хамд*) жана "сынга алынган"(*замм*) жосундук чек-башаттан түрткү алат. Баамдоонун мындай системасы салыштырмалуу деп эсептелет. Себеби, ал бинардык баамдоого кирет.

-Социо-этикалык көз караштарын өнүктүрүүдө Аль Фараби, салыштыруу жана карама–каршы коюу ыкмаларын колдонгон. Сапаттардын өз ара каршылыгын салыштырууда төгүн терс көрүнүштүн алкагында, оң кубулушту ачууга мүмкүндүгүн айткан. Салыштыруу ыкмасын колдонуп адептин жетилген мыктылыгы менен дененин жетилген мыктылыгын талдап, ага ченем (мера) аркылуу жетишерин айтып өткөн.

-Фараби аныктап келген, этиканын түшүнүк аппаратынын философиялык маңызын анализдеп, ички логикалык байланыштарын, гносеологиялык принциптерин тактоого аракет жасалды жана Перипатетикалык мектептин этикалык түшүнүктөрү менен дианоэтикалык категориялардын натурфилософиялык негизде функцияланышы иликтенип каралды.

Жыйынтыгында, ойчулдун окуусундагы бардык этикалык категориялар үч негизги түшүнүктүн – акыл-эс, жан-дүйнө жана ырахаттануунун тегерегинде биригет. Анын бардык этикалык системасы адамдын жүрүм-турум (адеп) ченемдерин оңдоого максат койгон. Мындай жосундук иш-аракет ойчулдун пикири боюнча чыныгы туура жолду тандоого мүмкүнчүлүк берет.

-Этика Ибн Сина үчүн – үлгү болуу эрежесиндеги баа берүүчү, буйрук берүүчү мүнөздөгү адеп-ахлактык аң-сезимден айырмаланган, философия илиминин ажырагыс жана эң маанилүү бөлүгү.

-Перипатетиктердин социоэтикалык аспекттерди камтыган философиясында, диний компонентке караганда натурфилософиялык көз караштары

фундаменталдуу берилген. Тактап айтканда, Авиценанын адептик идеялары моралдык аң сезимге негизделет. Анын этикалык окуусу метафизикалык нукта болсо да, ал динге жана диний адеп-ахлакка каршы чыккан дегенди билдирбейт. Ойчулдун пикиринде, адамга табиятынан жыргалчылыкка, жакшы максат менен ырахатка умтулуу ыйгарылган, мындан тышкары, ал абсолюттуу жыргалчылыкка умтулат. Адамдын алгачкы максаты анын өнүгүүсү, Күч Кудуретти таанып билүүгө жетүүсү болуп саналат.

-Адамдын эрки, эрктүү аракеттери бир катар таанып-билүүчүлүк, физиологиялык факторлорду жана процесстерди камтыйт. Философтун ою боюнча, адам эмнеге жетем десе ал, анын эрктүү аракети, анын ишмердүүлүгү менен турмушка ашат. Активдүү, ишмер адам, ойчулдун көңүлүнүн борборунда турат. Ибн Синанын этикалык таалиматына чындыкка карата пассивдүү мамиле кылуу эмес, иш-аракеттүү болууга чакыруу мүнөздүү. Бул турмуштук активдүүлүк ойчулдун квиетизмге эч кандай тиешеси болбогон, реалисттик жана рационалисттик мүнөзүнө негизделет.

**Коргоого сунушталган жоболор:**

-Мораль менен диндин терең жана ажырагыс байланышы, алардын ортосундагы чыңалган формаларын жокко чыгарбайт, ал маселе карама-каршы эки позициянын калыптануу процессинде чагылдырылат. *Кудай болбосо, адеп-ахлак болбойт* деген теисттик көз караште диний адеп-ахлак гана бар, ал эми атеисттик принциптен алганда *диндин адеп-ахлаксыздыгы* же *адеп-ахлактын диний эместиги* ырасталат.

Диндин догмалары менен катар, адептик ченемдер болбосо – маанисин жоготот.

-Максаты боюнча фикх менен жакын турган исламдагы этикалык ой анын ченемдик баалоо системасын пайдаланат. Алар, беш категорияга (“хамсат ахкам”) бөлүнөт: 1.Милдеттүү, сөзсүз аткарылуучу (важиб, фард), 2. Сунушталганы (мандуб, сунна), 3. Көңүл кош (мухаб), 4. Сунушталбаганы (макрух), 5. Кечиримсиз (харам, махзур).

-Жосун менен рухтун аффектилери адамдын адебин түзөт. Адеп жаратылыштан эмес, күнүмдүк адаттан, өнөкөт, көндүмдөн пайда болот. Жагымдуу иш аракет изгиликке, ал эми жагымсыз жоруктар бузукулукка алып келет. Изгилик да, бузукулук дагы адат, өнөкөттөн пайда болот. Изгиликтер интеллектуалдык жана этикалык сапатка бөлүнөт.

1. Этикалыкка: адептүүлүк, эр жүрөктүк, нысаптуулук, берешендик кирет.
2. Интеллектуалдыкка: акылмандык, зейректик, курч акылдуулук кирет.

Изгиликтин этикалык жана дианоэтикалык бөлүнүшүн Аристотелден өздөштүрүү менен Аль-Фараби алардын пайда болуш себептерин табууга жана

анын маңызын ачууга аракет кылат. Мына ушундан улам философ ой жүгүртүү изгилиги жана этикалык изгилик бири-биринен бөлүнбөстүгүн көрсөтөт.

-Аль-Фараби боюнча адам табиятынан баштап эле “тубаса токуучу же катчы” болбогондой эле, адам башынан изгиликтүү же жаман болушу мүмкүн эмес. Бирок, ал табияттан изгиликке же бузукулукка байланышкан абалга жакын болушу мүмкүн, ошондуктан ага, бул абалдан чыккан аракетти жасоо оңой болот. Бирок, изгиликке табигый жакындык изгилик болуп саналбайт. Изгиликке жакындык – маанилик ченемди алып жүрбөсү өзү түшүнүктүү.

-Негизги деп аталган Ал-Фарабинин этикалык категорияларынын түзүмдүк принциптери башка өңүттөгү изилдөөлөрдү талап кылат. Аристотелдик категорологиянын алкагында Фарабинин этикалык принциптери жалпы жагынан окшош болсо да, диний көз караштар элемент катары бары бир үстөмдүк жасаган.

-Ар-Разинин көз-караштарына ылайык адамдын бир дагы кылык-жоругу, бир дагы ишмердүүлүгү күн мурунтан белгиленген эмес. Ошондой эле адамдык сапаттар да белгиленген эмес, тескерисинче, адамдын бардык жорук-жосуну жана анын мүнөзү социалдык жашоо процессинде калыптанат, же ал жеке каалоосу менен жана өз ыктыяры менен жашайт.

-Этика адамды абийирдүүлүккө үйрөтүү жолу менен, турмуштагы адеп-ахлак көйгөйлөрүн чечүүгө арналат.

-Ибн Синанын коомдук турмушка, ар кандай кубулуштарына моралдык баа берүүсү, аларды адамзаттын түбөлүктүү баалуулуктары менен өлчөөгө умтулуусу болуп саналат.

Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси проблеманын имманентүү логикасына ылайык, алдын ала такталган теоретикалык-методологиялык принциптери аркылуу аныкталып, жогоруда кыскача туюндурулган изилдөөнүн илимий жаңылыктары анын концептуалдык маңызынан келип чыккан илимий-практикалык маанисин айгинелейт. Иликтөөгө алынган проблеманын диссертациялык изилдөөдө сунуш кылынгандай чечилиши философия тарыхы илиминин метафилософия катары конкреттелишине; диалектика-логикалык, моралдык принциптердин такталышына; философиянын генезисин шарттаган өбөлгөлөрдүн концептуалдык базасынын кеңейишине; чыгыш перипатетизм философиялык системасынын өзгөчөлүгүн, социо-этикалык көз караштын калыптанышын системалаштырууга реалдуу мүнкүнчүлүктөрдү түзүп, изилдөөнүн илимий теориялык маанисин шарттап турат. Изилдөөнүн жыйынтыктарын философия, философия тарыхы, этика, этноэтика боюнча лекцияларды, атайын курстарды, семинарларды, окуу куралдарын, методикалык колдонмолорду иштеп чыгууда пайдаланууга болот.

**Иштин апробацияланышы**. Диссертациянын негизги жоболору философия тарыхы, чыгыш философиясы өңдүү жалпы жана атайын курстарда колдонулуп,

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин студенттерине, магистранттарына жана аспиранттарына окулду, ошондой эле республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда, тегерек столдордо жасалган докладдарда жана талапкердин макалаларында чагылдырылган.

**Диссертациялык иштин структурасы.** Диссертациялык иш киришүүдөн, баптардан, баптарга камтылган параграфтардан, корутунду жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

Диссертациялык иш моралдык аң сезимдин табиятына, орто кылым чыгыш перипатетиктеринин этикалык таалиматтарын, моралдык категорияларын иликтөөгө арналган. Уктурууда изилдөөнүн жыйынтыктары толук чагылдырылып, көрсөтүлдү. Диссертациялык ишке байланыштуу макалалар жарык көргөн.

Көңүл бурганыңыздарга чоң рахмат!

**Төрага:** Эми суроолорго өтсөк.

-Кимде кандай суроолор бар.

**Философия илимдеринин доктору, проф. Үтүров К.Ү. суроосу:** -Диний-этикалык түшүнүктөрдүн изилдөөдө берилишинен улам, Фикхтеги каралган категориялар этикалык функцияны кандай деңгээлде аткарат жана максаты эмнеде?

**Алымкулов З.А. Жооп:** Укуктук чогултма аталган "фикхте" сыйынууда жасалган (ибадат) амалдарга ниет кылуу өзүнчө каралат м: даарат алуу, сыйынуу, зекет берүү, ажылык, орозо сыяктуу аракеттерде. Ошондой эле, адамдардын өз ара мамилесинде, укуктук-соттук чечим чыгаруучу иштерде: келишим түзүүдө, үйлөнүүдө, ажырашууда, соода-сатыкта ж.б. Кандай гана амал болбосун аны туура, таза ниет жандап жүрүүсү зарыл. Амалга карата ниети жок, же туура эмес болсо, анда ал иш аракет жокко чыгарылат. Бул жалпы жобо диний ырым жырым эмес, укуктук иштерге да тиешелүү. Жобонун дагы бир шарты, иш аракет учурундагы ниет акырына чейин сакталыш керек, болбосо ал дагы жокко чыгарылат.

Максаты боюнча фикх менен жакын турган исламдагы этикалык ой анын ченемдик баалоо системасын пайдаланат. Алар, беш категорияга ("хамсат ахкам") бөлүнөт: 1.Милдеттүү, сөзсүз аткарылуучу (важиб, фард), 2. Сунушталганы (мандуб, сунна), 3. Көңүл кош (мухаб), 4. Сунушталбаганы (макрух), 5. Кечиримсиз (харам, махзур).

Аткара турган жосундарды ишке ашыруу керек, болбосо жазасын аласың. Жогорудагыдай бөлүштүрүүнүн негизинде буйрук, тыюу, жаза, урмат көрүү Курандагы сүрөөлөрдөн, суннанын негизинде аныкталат. Амалдын (иш аракеттин) сунушталганына же тыюу салынып, жазаланганына жараша жорук-жосундун категориалык орду аныкталат. Милдеттүү (важип)

жосундарды аткаруу сунушталат жана урматталат, аткарбай коюу жазаланат. Кечиримсиз (арам) жосундарды аткарбоо урматталат, иш жүзүнө ашыруу жазаланат. Сунушталган жосундарды аткаруу урматталат, ал эми аткарбай коюу жазаланбайт. Сунушталбаган жосундарды аткаруудан сактаныш керек, бирок, аны ишке ашырса жазаланбайт, ал эми тартынуу урматталат. Көңүл кош жосундардын алкагына киргендерди аткаруу же аткарбай коюу адамдын өз эрки, ал жосундар жөнүндө фикхте ой айтылган эмес.

Этика менен фикхтин изилдөө предмети жана баалоо системасындагы айрым окшоштуктарынан улам, алар бирдей деп эсептөө туура эмес. Дал ушул эки маселе боюнча этика өзүн фикхтен айырмалап турат. Жогоруда айтылган “Көңүл кош” (Мухаб) категориясы фикхтин динний-юридикалык жөнгө салуу формасында сындалып каралбайт. “Көңүл кош” жосундардын аткарылышы же аткарылбашы фикхте каралбаганы менен этиканын көзөмөлдөө чөйрөсүнүн алкагына кирет, б.а. “Көңүл кош” жосундар жакшы (хасан) же жаман (кабих) деп бааланат. Алар бинардык баалоо системасына кирет. Калам агымынын пикиринде өз баасын албаган “Көнүл кош” жосундар болбойт аткаруу-аткарбоо дихотомиясы универсалдуу - же урматталат же жазаланат.

**Философия илимдеринин доктору, доцент Усупова Ч.С. суроосу:** Исламдык моральдын максаты жана негизин түзүүчү окуулар кайсылар?

**Алымкулов З.А. Жооп:** Исламдык моралдын максаты, изилдөөчү теологдордун айтымында, чындыктан алыс адеп ахлактык баалулуктарды жаратуу эмес. Ислам адамдын адептик тарбиясын, тажрыйбалык керектөөлөрүнө жооп беришин максат кылып коёт, ал адам адебиндеги кемчиликтерди баамдоого мажбурлайт, ошол кемчиликтерди оңдоого мүмкүнчүлүк берет. Тактап айтканда, жашоодогу адеп-ахлак негиздерин колдонууну камсыздоо. Исламдын пайда болушунун алгачкы этаптарында социалдык-маданий мүнөздөгү көйгөйлөр мусулман окумуштууларын этика боюнча өзгөчө бир эмгектерин жаратууга түрткү берген. Айтылып жүргөн классикалык эмгектерди так классификациялоо толук мүмкүн эместигине байланыштуу, салыштырмалуу түрдө, тарыхта өнүккөн диний-этикалык таалиматтардын айрымдары диссертациялык иште келтирилди.

Исламдын салттуу таалиматында төмөндөгүдөй принцип калыптанган: “Суннага Куран түшүндүрмө берет, Куранга сунна түшүндүрмө берет”. Айтылуу принцип укуктук-этикалык ченемдерди ыйык Курандан, суннадан алып чагылдырууда колдонулат. Куран менен сунна бир биринен ажырымда мусулман этикасынын негизи боло албайт. Курандын сүрөөлөрүнүн

үзүндүлөрүн экзегезалык түшүндүрүүдө татаал эрежелерди жана суннаны билүү зарыл (тафсир, тавиль).

Демек Куран менен суннанын үзүндүлөрү жалпысынан мусулман этикасынын ченемдик ыраатынын негизин түзөт.

**Философия илимдеринин кандидаты Субанбекова М.Ш. суроосу:** Ибн Синанын этикалык окууларынын экспликациясы жана жалпы философиянын тарыхындагы ээлеген орду.

**Алымкулов З.А. Жооп:** Ибн Сина этиканы адамдын интеллектуалдык жана адеп-ахлактык жетилүүсүнө билим берген илим деп карап, анын (адамдын) чындыкка жетишин шарттайт. Ибн Сина этика илиминин башкы максаты жана милдети, предмети жөнүндө ой жүгүртүүдө көптөгөн варианттарын учуратабыз, анда ойчул өзүнүн илимий классификациясына жараша этиканын илимдеги ордун, маани-маңызын чечмелеп түшүндүрөт.

«Чыгыш таануучулардын логикасы» («Логика восточников») китебинде Ибн Сина этиканы «адамга эки дүйнөдө бактылуу болуш үчүн жосундук иш аракеттерди үйрөткөн» илим деп аныктайт. Башкача айтканда, этика өз алдынча, же Кудай тарабынан, же адам болмушунун трансценденттик өзгөчө өлчөмдөрү жагынан, же «өзүнө таандык абалдардан» берилген «парзды» камтыйт. Адамдын жеке адеп-ахлактык жүрүм-турумуна тиешелүү болгон практикалык кызыкчылыгы, анын бул дүйнөдө гана эмес, тиги дүйнөдө да бактылуу болууга умтулуусунда турат.

Ойчул ушул парадигмаларга таянып, этиканын негизги милдеттерин жана «адамдын адамдык чыныгы парзын» аныктоого умтулат. Анын ою боюнча, этиканын башкы милдети жандын адеп-ахлактык сапаттарын талдоодо абийирдүү, адеп-ахлактуу иштерди көздөп, бузулуудан качуусу керектигин чечмелеп түшүндүрүүдө турат. Этиканын дагы бир маанилүү милдети чындыкты издөөдө жана изгиликти айкындоодо турат. Этика жалпы адамзаттык мааниде изгилик жөнүндө илим болуп саналат. Ибн Синанын пикири боюнча, этика адамдарга жакшы жашоого жана өнүгүүгө жардам берүүгө тийиш. Анын ишеними боюнча, жакшылык менен жамандыкты туура ажырата билүү жолунда бакытка жетүүгө болот.

**Философия илимдеринин доктору Бейшенова А.Т. суроосу:** Абубакр – ар-Разинин этикалык окуусунун негизги маңызын эмне түзөт?

**Алымкулов З.А. Жооп:** Ойчулдун этикалык окуусунун негизги маңызын адам жөнүндө окуу түзөт. Абубакр ар-Рази чыгыш ойчулдарынын ичинен биринчилерден болуп адам проблемасын философиялык изилдөөнүн алкагында караган. Ар-Рази этиканын көпчүлүк категорияларын карап чыгып философиялык түшүндүрмөлөрүн берген.

Ойчулдун пикири боюнча жамандык, жакшылык, ак менен кара, адилеттүүлүк, адилетсиздик, кара санатайлык адамдын акыл-эси менен аныкталат. Башкача айтканда, адам жамандык менен жакшылыкты жаратуучу болуп саналат. Адам жүрүм-турумунда, ишинде, мүнөзүндө да эркин, ошондуктан анын иш-аракети жана ишмердүүлүгү өзүнө гана байланыштуу. Адам жакшы сапаттары менен бардык жаныбарлардан айырмаланат жана оң жетишкендиктердин эрежесин түзөт. Ар-Разинин пикири боюнча адамдын жүрүм-туруму тубаса эмес, ал ар кандай маселелерди чечүүдө калыптанат. Адам эркин жүрүп, акыл-эси менен өз ыктыярынан аракет кылат. Эгер жан-дүйнө акыл-эске баш ийсе, адамдык жүрүм-турум изгиликке жана жакшылыкка жакындайт. Эгерде жан-дүйнө акыл-эсти баш ийдирсе, адамда адамзатты, мамлекетти жана коомду бузуучу тескери мүнөздөгү сапаттар пайда болот. Ар-Рази жакшы иштер адамга узак ырахат тартуулайт деп эсептейт.

**Философия илимдеринин кандидаты, доцент Арзыматов Ж.С. суроосу:** Диндин моралдык жана этиканын диний принциптеринин ортосундагы карама-каршылыктарын чечүүдө философиянын орду?

**Алымкулов З.А. Жооп:** Дин менен моралдын кызыкчылыктарын коргоп, жараштыруу күчүнө философия ээ. Философия адеп менен диндин карама-каршылыгынын төмөндөшүн, алардын компромисске келишин шарттай алат. Башкача айтканда, адептик канчалык деңгээлде динний, ал эми дин канчалык деңгээлде адептүү? деген философиялык суроо коюлат.

Чындыгында, диндин адептик жана адептиктин диний проблематикасы философияда салттуу түрдө салмактуу орун ээлейт. Жалпысынан мораль менен диндин өз ара мамилеси жөнүндө суроонун философиялык жактан коюлушу диндин адеп үчүн да, адептин дин үчүн да эки тараптуу маанисин айкындоого барып такалат.

**Философия илимдеринин доктору Исаков К.А. суроосу:**

Мононорматикалык жүрүм–турум дегенди кандай түшүнөсүз жана анын өнүгүшү тууралуу эмнени айта аласыз?

**Алымкулов З.А. Жооп:** Мононорматикалык жүрүм–турумда жашоодогу окуялар менен сырдуу, укмуштуу дүйнө айкалышып турган. Калыптанган мононорматикалык жыйнак адат, салт, диний ырымдар менен тыгыз байланышта өнүккөн. Космогониялык, мифтик тексттердин түзүмүнө, социалдык жүрүм-турум эрежелеринин көргөзмөлөрү, элемент катары кирген. Диний нукта өнүккөн миф, эрежелерге, үрп-адатка, ырым-жырымдарга мыйзамдык укук берип, моралдын жазалоо функциялары диний-мифологиялык чөйрөдө негизделген. Башкача айтканда, диний-мифологиялык ырымдарга баш ийүү талабын, мифологиялык каармандар

социалдык ченемдер, тыюуулар аркылуу уюштурган. Мифологиялык аң сезимдин архаикалык коомдогу моралдын мүмкүнчүлүгү ушундай эле формада болгон.

**Философия илимдеринин кандидаты, доц., м.а. Самыйканов А.Т. суроосу:** Перипатетикалык мектептин негизги өкүлү Аль Фарабинин социо-этикалык көз караштарында адамзаттын руханий дүйнөсүнүн өнүгүү деңгээли кандай чагылдырылган. Кыскача айтып койсоңуз.

**Алымкулов З.А. Жооп:** Адамдын рухий дүйнөсүнүн өнүгүү деңгээлин Фараби үч категорияга бөлүп карайт:

Биринчилер акыл эсине таянып иш жасайт. Экинчилер инстинктин негизинде, жана үчүнчүлөр акылгөйлөр бирок эрксиздер.

**Төрага:** урматтуу коллегалар суроолор жетиштүү болду го. Эми талкуугa өтсөк.

**Философия илимдеринин доктору, профессор Үтүров К.Ү.:** Изилдөөчүнүн диссертациялык иши татыктуу денгээлде жазылгандыгын белгилеш керек. Себеби орто кылымдагы залкар ойчулдардын космогониялык дүйнөкараштарынын алкагында моралдын элементтерин ырым-жырым, адат, күнүмдүк жосундук иш аракеттерин иликтөөгө алган. Алардын иштеп чыккан этикалык категорияларын учурдагы диний этика менен салыштырып, диалектиканын негизги жоболорун колдонгон, максат, милдеттерди ачып берүүгө умтулган. Изилдөөнүн жүрүшүндө антикалык жана орто кылым чыгыш ойчулдарынын трактаттары, классикалык – философтордун эмгектеринен сырткары, Кыргызстандын белдүү философ-окумуштуулардын мифке, космогонияга байланыштуу материалдары проблеманы иликтөө булактары катары пайдаланылгандыгы эң жакшы көрүнүш деп эсептейм. Эмгек негизинен теоретикалык жакатан талапка ылайык жазылган. Коюлган аталыш иштин мазмун, маанисин ачып берет. Диссертациялык иш жактоого сунушталсын.

**Философия илимдеринин доктору Усупова Ч.С.:** Диссертациялык иште иликтөөгө алынган илимий объект моралдык парадигмалардын, категориялардын, диний түшүнүктөрдүн философиянын тарыхындагы методологиялык экспликациясы, ошол эле учурда, орто кылым чыгыш философиясындагы социо-этикалык, диний этикалык концепциялары маңыздуу проблематикасы катары каралган.

Диссертациялык иштин, автореферaттын да стилистикалык айкалыштарын, грамматикалык мүчүлүштүктөрүн карап чыгыш керек. Илимий иштин айтылган кемчиликтери болгону менен коюлган максат, милдеттер ачылып берилген жана коргоого сунушталган жоболордун жаңылыгы айкын көрүнүп турат. Ишти жактоого сунуш кылууну колдойм.

**Философия илимдеринин доктору Сариева К.С.:** Диссертациялык иште иликтөөгө алынган илимий объект моралдык парадигмалардын, категориялардын, диний түшүнүктөрдүн философиянын тарыхындагы методологиялык экспликациясы, ошол эле учурда, орто кылым чыгыш философиясындагы социо-этикалык, диний этикалык концепциялары маңыздуу проблематикасы катары каралган. Иликтөөгө алынган проблеманын актуалдуулугу, изилденүү даражасы, учурдагы талаптардын бири. Башкача айтканда, адеп-ахлак, аракет, ниет, амал түшүнүктөрү жана натурфилософиялык, дианоэтикалык – акыл-эс, акылмандык сыяктуу түшүнүк-категориалдык аппараттын чечмелениш мааниси, коомдо ээлеген орду каралган. Ошондой эле, моралдын калыптануу баскычтарын диалектикалык талдоодон өткөрүү менен бирге, алгачкы ажыратылбаган жүрүм-турумдан баштап, протоморалдык аң сезимдердин архетиптерине токтолгон. Моралдык аң сезимдин критерийлери, ырым-жырымдык, диний-мифологиялык, космогониялык формаларында көрүнгөндүгү менен, ал учурдагы адамдын жүрүм-турумунда, морал бар экендигин тактоо өзү татаал жана актуалдуу маселе. Жалпысынан коюлган жоболорго комплекстүү анализ жасаган. Диссертациянын темасы абдан жакшы. Ал эми техникалык кемчиликтерди кайрадан карап чыгат деп ойлойбуз. Көрсөтүлгөн кемчиликтер диссертациянын мазмунуна доо кетирбейт. Менин сунушум жактоого татыктуу.

**Философия илимдеринин кандидаты Самыйканов А.Т.:** Дисстертациянын аталышы так коюлган. Орто кылым чыгыш философторунун таалиматтарына методолгиялык анализ жогору берилген.

Илимий иште, айтылгандай Аль Фараби, Абубакр – ар-Рази, Ибн Синанын диний-этикалык жана метафизикалык принциптери талданып, ордулары белгиленген. Этикалык түшүнүктөрдү, категорияларды диалектикалык логика ыгынан талдоого алынышы өтө татаал жана өзөктүү. Изилдөө, илимий-философиялык жогорку деңгээлде жазылган жана сапаты жагынан ЖАК койгон талаптарга жооп берет. Коргоого сунуштайбыз.

**Философия илимдеринин кандидаты, доцент Арзыматов Ж.С.:**

Мифоэпикалык, мифологиялык, диний этикалык категориялардын чиеленген логико-гносеологиялык формалары, алардын табияты илимий-теориялык тактоолорго муктаж экендиги талашсыз. Ошондуктан, изденүүчүнүн иши тарыхый-философиялык эпистемологиянын структурасындагы коомдук өнүгүү, мезгил менен мейкиндиктин айкалышы аныктаган моралдык категориялар, түшүнүктөр, парадигмалардын конкреттүү - тарыхый формалары, өзгөчө орто кылымдагы чыгыш перипатетикалык ойчулдардын этикалык категориялары учурдагы диний

этика менен салыштыруусу, толук тактала электиги, илимий - изилдөөдөгү максат менен милдеттерди тастыктап турат. Мындан сырткары изденүүчү орто кылымдагы ойчулдар өз көз караштарын өнүктүрүүдө салыштыруу жана карама–каршы коюу ыкмаларын колдонгондугун белгилеп өткөн. Этиканын түшүнүк аппаратынын философиялык маңызын анализдеп, ички логикалык байланыштарын, гносеологиялык принциптерин тактоого аракет жасаган. Ошондой эле перипатетикалык мектептин этикалык түшүнүктөрү менен дианоэтикалык категориялардын натурфилософиялык негизде функцияланышын иликтеп караган.

Ал эми кээ бир мүчүлүштүктөр жөнүндө айта турган болсок, шилтемелерди талап боюнча жасап, ар бир параграфтан кененирээк тыянак чыгаруу абзел. Ошентсе да, көрсөтүлгөн кемчиликтер иштин мазмунуна доо кетирбейт. Жактоого сунушталат.

**Төрага:** кесиптештер анда талкууну ушуну менен аяктайлы. Талкуу жогорку денгээлде өттү. Изденүүчү жогорку айтылган кемчиликтерди, сунуштарды, калоолорду эске алат деп ишенебиз. Анда эмесе сиздердин уруксаатыңыздар менен коргоого сунуштоо маселесин добушка коебуз. Сунуштайлы. Добуш берсеңиздер. Жалпы бир добуштан колдонду. Рахмат.

Урматтуу кесиптештер бүгүн Философия жана гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын доценти Алымкулов Замирбек Аманбековичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези” деген темадагы докторлук диссертациясын талкуусу боюнча жыйындын корутундусун жана токтомун бекитип коелу.

**Корутунду**

**Илимий изилдөөнүн актуалдуулугу:** З.Алымкуловдун “Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези” деген темадагы докторлук диссертациялык иши актуалдуу, анткени мурунку муундардын руханий мурастарын изилдөө, аны иликтөө азыркы учурдагы адамзаттын “жаңы” бирдиктүү жана ажырагыс маданиятын түзүүнүн зарыл шарты болуп саналат. Илимий булактардын негизинде жоболордун, көз караштардын, тарыхый философиялык изилдөөнүн жыйынтыгы аркылуу кийинки муундарды гумандуулукка тарбиялап, ошондой эле этика, эстетика жүрүм-турум маселелерин үйрөтүүдө зор роль ойнойт. Иштеги алынган жаңы натыйжалар философиянын тарыхына белгилүү салым кошо алат. Иш сапаттуу жана сабаттуу жазылган.

**Диссертацияда алынган натыйжалардын жаңылыгы:**

Диссертацияда алынган жыйынтыктар жаңы, диссертациянын теориялык жана методологиялык базасы кеңири. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары изилдөөчү тарабынан жекече жүргүзүлгөн. Коргоого алып чыгарылган негизги теориялык жоболор изденүүчүгө таандык.

**Изилдөөнүн негизги теориялык жыйынтыктары:** Кыргыз Республикасынын ЖОЖдор аралык өткөн илимий-теориялык конференциянын материалдарына жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда чагылдырылган. Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары байыркы, орто кылым жана кыргыз философиясы боюнча И.Арабаев атындагы КМУнун студенттерине окулган лекцияларда апробацияланган.

**ТОКТОМ**

1. Алымкулов Замирбек Аманбековичтин "Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези" 09.00.03-философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын докторлук диссертацияга коюлган талаптарына толук жооп берген иш деп табылсын.
2. Изденүүчү Алымкулов Замирбек Аманбековичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча жазылган "Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези" аттуу докторлук диссертациясы коргоого сунуш кылынсын.

**Жыйындын төрагасы,**
**философия жана гуманитардык дисциплиналар**
**кафедрасынын башчысы,**
**филос.и.к., доцент** **Арзыматов Ж.С.**

**Жыйындын катчысы** **Барпыбаева Ж.К.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
ОК:
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ